## Электрондук аукционго катышуунун тартиби

Электрондук аукционго катышуу үчүн төмөнкү кадамдарды аткаруу зарыл:

1. auctionetp.gov.kg порталында каттоодон өтүү;

2. Жеке кабинетке кирип, электрондук арызды толтуруп, керектүү документтерди тиркөө;

3. Аукционго коюлган объекттин баштапкы баасынын 10 пайызы өлчөмүндө кепилдик төлөмдү, берилген код боюнча төлөө.

**Катышуу үчүн талап кылынуучу документтер**

**Жеке жактар үчүн:**

* Жеке кабинет аркылуу толтурулган электрондук арыз (анда чет өлкөлүк жарандык же уставдык капиталдагы чет өлкөлүк катышуу тууралуу маалымат көрсөтүлөт);

* Жеке күбөлүк же өкүл аркылуу катышса — мыйзамга ылайык күбөлөндүрүлгөн ишеним кат;

* Объекттин баштапкы баасынын 10% өлчөмүндө кепилдик төлөмдүн тиешелүү эсепке которулганын тастыктаган документ.

**Юридикалык жактар үчүн:**

* Жеке кабинет аркылуу берилген электрондук арыз;

* Юридикалык жактын атынан иш алып баруучу өкүлгө берилген ишеним кат;

* Уюштуруучу документтердин мыйзамга ылайык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

* Юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралуу санарип күбөлүк;

* Объектти сатып алуу боюнча ыйгарым укуктуу орган кабыл алган чечим жана өкүлдүн (жетекчинин) ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер;

* Объекттин баштапкы баасынын 10% өлчөмүндө кепилдик төлөмдүн тиешелүү эсепке которулганын тастыктаган документ.

Чет өлкөлүк жарандар аукционду уткан учурда, жер тилкелери Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин талаптарына ылайык, 49 жылга чейинки мөөнөткө убактылуу пайдаланууга берилет.

**Байланыш үчүн**

Жер тилкелери жана “Ала-Тоо Резорт” долбоору боюнча: Ала-Тоо Резорт ААК

0555 120 688 — Калиев Фархад  0700 482 676 — Чолпонбаев Аскат

МКМБА (каттоо жана аукцион боюнча): 0990 997 701 — Бердигулов Нурбек

0557 810 182 — Шарипов Темирлан 0312 61-36-52; 61-41-59; 61-40-77

МКБ үчүн: 0999 883 488 — Бермет Курманбекова

**Кошумча маалымат**

Эгер катышуучу жеңүүчү болбосо же аукцион өтпөй калды деп табылса, кепилдик төлөм жыйынтык чыгарылган күндөн тартып 10 банктык күндүн ичинде кайтарылып берилет.

Аукцион өтпөй калды деп табылуучу учурлар:

* аукционго арыздар берилбесе;

* талапкерлердин бири да катышууга уруксат албаса;

* бир гана талапкер катышууга өткөн болсо;

* уруксат алган талапкерлер аукционго катышпаса;

* аукционго бир гана катышуучу катталса.

**Жеңүүчүнү аныктоо тартиби**

Аукциондо объект үчүн эң жогорку бааны сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп табылат.

Жеңүүчүнүн кепилдик төлөмү кайтарылбайт жана сатып алуу суммасына кошулат. Эгер жеңүүчү объекттин наркын төлөөдөн баш тартса, кепилдик төлөм кайтарылбайт